**УДК 373.** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.405**

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ОЮНДАРЫ - ЭЛДИК КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН БИР БӨЛҮГҮ КАТАРЫ ЖАНА БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ ОРДУ

Ош МПУ
Улук окутуучу Кадырова Турна
*ORCID:* *0009-0000-9276-56-49*
*E-mail:* turnakadyrova@gmail.com
Магистрант. Абдыбалиева Гүлдана
ПМЧ (з)- 1-23

# КЫРГЫЗСКИЕ НАРОДНЫЕ ИГРЫ – КАК ОДИН ИЗ ЧАСТЕЙ КУЛЬТУРЫ НАРОДА И МЕСТО В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

ОшГПУ
Старший преподаватель. Кадырова Турна
*ORCID:* *0009-0000-9276-56-49*
*E-mail:* turnakadyrova@gmail.com
Магистрант. Абдыбалиева Гүлдана
ПМЧ (з)- 1-23

# KYRGYZ FOLK GAMES – AS ONE OF THE PARTS OF THE CULTURE OF THE PEOPLE AND A PLACE IN THE UPBRINGING OF CHILDREN

Osh State Pedagogical University.
Kadyrova Turna
Department of Pedagogy and Psychology.
Senior lecturer.
*ORCID:* *0009-0000-9276-56-49*
*E-mail:* turnakadyrova@gmail.com
Master's student Guldana Abdybalieva PM (w) - 1-23

**Аннотация:** Бул илимий макалада учурдагы компьютердик оюндардан айырмаланып, нукура кыргыз элинде балдарды тарбиялоодо жана чоңдор да жашоо турмушта колдонуп келген оюндар жөнүндө баяндама берилди. Элдик оюндардын мааниси канчалык деңгээлде чоң экендигин илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгынан көрүүгө болот. Айрыкча социалдык экономикалык түзүлүштү кайра курууну тездетүүдө тарыхый маанидеги эл маданиятынан чыккан элдик оюндардын орду чоң мааниге ээ экендиги баса белгиленди. Анткени, элдик оюндар дене тарбиясына гана колдонулуучу демейки гана көнүгүүлөр эмес, ал эли- жерин сүйүүгө, улуттар арасындагы мамилелерди жакшыртууда жана жакындатууда берген таасирин баяндайт. Илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин ишке киргизүү менен коомдук турмуштун ритмин тездетүүнүн темпинин фонунда баланын инсандыгынын эртерээк социалдашуусу жүрүп жатат. Анын таасири коомдук мамилелерди ар тараптуу маалыматташтыруу менен күчөгөндүгүн байкайбыз. Бул кризистен чыгуу үчүн коомдук-саясий практиканы жана аны мүнөздөгөн маданий мурастарды өздөштүрүү боюнча белгилүү чараларды көрүү жаш муундарды интеллектуалдык жактан тарбиялоо зарыл. Макалада сунушталып жаткан элдик оюндардын практикалык мааниси жана алардын түрлөрү изилдөөнүн актуалдуулугун ачып берет.

**Ачкыч сөздөр:** Элдик оюндар, маданият, өнүгүү, балдар, ишмердүүлүк.

**Аннотация:** В данной научной статье представлен обзор народных игр, которые в отличие от современных компьютерных игр, используются в воспитании детей и взрослой жизни у настоящего кыргызского народа. Насколько велика ценность народных игр, видно из результаты научных исследований. Особо подчеркивалось, что в ускорении перестройки социально-экономического строя большое значение имеет место народным играм, выходящим из народной культуры исторического значения. Ведь народные игры - это не только стандартные упражнения, применяемые только к физическому воспитанию, они рассказывают о влиянии, которое они оказывают на любовь к своему народу и земле, на улучшение и

сближение отношений между народами. На фоне темпов ускорения ритма общественной жизни с внедрением достижений научно-технического прогресса происходит более ранняя социализация личности ребенка. Мы замечаем, что его влияние усиливается за счет всесторонней информатизации общественных отношений. Для преодоления этого кризиса необходимо интеллектуальное воспитание подрастающего поколения, принятие определенных мер по овладению общественно-политической практикой и характеризующим ее культурным наследием. Практическая значимость народных игр и их разновидностей, представленных в статье, выявляет актуальность исследования.

**Ключевые слова:** народные игры, культура, развитие, дети, деятельность.

**Abstract:** This scientific article provides an overview of folk games, which, unlike modern computer games, are used in the upbringing of children and adult life among the real Kyrgyz people. The value of folk games is evident from the results of scientific research. It was emphasized that in accelerating the restructuring of the socio-economic system, the place of folk games, emerging from the folk culture of historical significance, is of great importance. After all, folk games are not only standard exercises applied only to physical education, they tell about the impact they have on the love of their people and land, on the improvement and rapprochement of relations between peoples. Against the background of the acceleration of the rhythm of social life with the introduction of scientific and technological progress, an earlier socialization of the child's personality occurs. We notice that its influence is enhanced by the comprehensive informatization of public relations. To overcome this crisis, it is necessary to provide intellectual education to the younger generation, and to take certain measures to master socio-political practice and its cultural heritage. The practical significance of folk games and their varieties presented in the article reveals the relevance of the research.

**Keywords:** folk games, culture, development, children, activity.

Элибиз өмүр жолунда татаал татаал жолду басып өткөндүгү маалым. Алар Ата - Мекенин, байлыгын, мал-мүлкүн өз душмандарынан сактап, эли-жерин сүйүү менен жаратылыштын кырсыктарынан коргоп келишкен. Ошол эле учурда элдик баалуулуктар болгон каада-салтын, музыка, адабият, сүрөт чыгармаяылыктарын сактап,өнүктүрүп келишкен. Анын ичинде элдик оюндар да муундун муунга өтүп, жаш балдарга үйрөтүлүп келди. Залкар ырлар жана комуз күүлөрү, чебер кол өнөрчүлүктүн маданияты, макал, жаңылмачтар, жөө жомоктор, элдик, спорттук оюндар, атактуу эпосторго чейин баркталып биздин заманга чейин жетти.

Кыргыз эли ат жаныбарын өтө бапестеп, көчмөн калк болгон мүнөзү менен шайдоот, эрктуу, күчтүү эл болгондуктан, көптөгөн кыймыл- аракеттүү жана акыл оюндарын ойлоп табышкан. Ошол элдик оюндар ушул күндөрдө да өз ордун жана маанисин жоготкон жок. Кээ бирлери доор алмашып, ошого ылайык алардын мазмуну жана формасы жактан өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Элдик оюндар ар дайым адамзаттын жашоосунда өзгөчө орун ээлеп келген. Анда элдин кыял-тилеги, үмүтү, кубанычы менен кайгысы, эрдиги жана эркиндикке умтулуусу, теңдик жана адилеттик үчүн болгон күрөшү айкын көрүнөт. Оюндар аркылуу эл өзүнүн руханий дүйнөсүн, философиялык көз карашын, тарбиялык тажрыйбасын жана улуттук өзгөчөлүгүн муундан -муунга өткөрүп келген. Мында жөн гана көңүл ачуу эмес, жалпы элдин башынан өткөргөн тагдыры, турмуштук сабактары, ой жүгүртүүсү менен дүйнө таанымы камтылган. Ошондуктан элдик оюндар адамзат коомунун ар бир доорунда жаңыланып, өзгөрүлүп, жаңы мазмунга өтүп, бирок түпкү маңызын жоготпостон өмүр сүрүп келген жана маданияттын түбөлүктүү коштоочусуна айланган.

Кыргыз элинин оюн өнөрү да өзгөчө бай болуп эсептелет. Эл болуп жаралгандан тартып, ар бир доордун социалдык шарттарына, турмуштук кырдаалдарына жараша ар кандай оюндар түзүлүп, ошол доордун элесин сактап калган. Көчмөндүк жашоо образына карабастан, кыргыз элинин оюндарында чоң тарбиялык мааниси бар терең мазмун камтылган. Бул оюндар аркылуу ата-бабалар жаш муунду дене тарбияга, сулуулукка жана коздукка умтулганга үйрөтүп, элдин руханий дүйнөсүн байытып келишкен. Жаңылмачтар, табышмактар, ыр-

күүлөр жана кыймылдуу оюндар элдин акыл-эсин курчутуп, денесин чыңдап, адеп-ахлактык баалуулуктарды бекемдеген.

Эгемендүүлүк доорунан кийин унутулуп калган көптөгөн каада-салттар жана оюндар кайрадан жаңыча дем алып жашай баштады. Элдик оюндардын негизинде улуттук спорт оюндары калыптанып, ар түрдүү спартакиадаларда, элдик майрамдарда жана эс алуу учурларында кеңири колдонулду. Бул көрүнүш элдик оюндардын коомдук турмуштун ажырагыс бөлүгүнө айланганын дагы бир жолу далилдейт. Турмуш шартка ылайык келген оюндар кыргыз элинин дене маданиятынын өзөгүнө айланып, элдин руханий жана материалдык байлыгы катары бүгүнкү күнгө чейин жашап келе жатат.

Оюн – бул баланын тили, дүйнөнү түшүнүү жана аны менен баарлашуу каражаты. Канаттуулар үчүн учуу- кандай табигый көрүнүш болсо, балыктар үчүн сүзүү- кандай зарыл болсо, балдар үчүн оюн дал ошондой табигый муктаждык. Алар ойноо аркылуу жашоону үйрөнүшөт, көргөн-билгенин туурашат, айлана-чөйрөнү таанып-билип өздөрүнүн жеке тажрыйбасын топтойт. Ошондуктан ар бир ата-эне, айрыкча энелердин негизги милдеттеринин бири – баланын ойноочу жерин туура даярдап берүү, оюнга керектүү буюмдар менен камсыз кылуу болуп саналат. Бул жөн гана убакыт өткөрүү эмес, бул – тарбиянын, өнүгүүнүн, келечектин пайдубалы экендигин түшүнүүсү зарыл.

Оюнду туура уюштурган шартта бала дене тарбиясын гана эмес, акыл-эсинин, ой жүгүртүүсүнүн, чыгармачылык жөндөмүнүн өсүшүн камсыз кылат. Ошол эле учурда ал коомго аралашууну, тартипке баш ийүүнү, эрежелерди сактоону жана адилеттүүлүктү үйрөнөт. Демек, оюн – тарбиянын эң байыркы, бирок эң натыйжалуу формаларынын бири.
Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып улуттук маданиятка болгон камкордук күчөп, элдик оюндар системалуу түрдө изилденип, калың калктын арасынан жыйналып, кагазга түшүрүлө баштаган. Мисалы, 1928-жылы А. Н. Рождественский алгачкылардан болуп кыргыздын элдик оюндарын изилдөө ишин колго алган. Андан кийин 1936-жылы М. Н. Аманжолов, С. М. Абрамов сыяктуу изилдөөчүлөр бул багытта чоң эмгек сиңирип, элдик оюндардын мазмунун, тарбиялык маанисин жана тарыхый тамырларын илимий негизде карай башташкан. Бул иштер кыргыз элинин руханий мурасын сактап калууда жана кийинки муундарга жеткирүүдө абдан маанилүү рол ойногон.

Ошентип, оюн жөн гана баланын көңүл ачуу каражаты эмес, улуттун маданиятын сактап калган, тарбиянын эң натыйжалуу жолу болгон жана коомдук турмуштун өнүгүшүнө салым кошкон кубулуш экендиги айкын болот.

Ал эми элдик кыймылдуу оюндарга болгон илимий иштер ушул күндөрү жакшы жолго коюлуп келүүдө. Алардын ичинде А. Абдыкалыков 1971, С. М, Абрамзон 1972, Р. А. Абузяров 1976, Х. Ф. Анаркулов 1980, Ф. Е. Байман 1972, Т. Бобовская 1965, Д. Омурзаков 1978, С. М. Саипбаев 1979, М. К. Саралиев 1983, Э. Черикбаев Н. И. Шарабакин 1986жылдары теориялык жана практикалык жактан өнүктүрүп келишкен [2];
Элдик оюндардын мааниси канчалык чоң экендиги ар бир атуулга белгилүү. Айрыкча социалдык экономикалык түзүлүштү кайра курууну тездетүүдө чоң, мааниге ээ экендиги баса белгилесек болот. Анткени, элдик оюндар дене тарбиясына гана колдонулуучу демейки гана көнүгүүлөр эмес Ата Мекенин, жерин сүйүүгө, интернационалдык тарбияда, негизги гуманитардык умтулууну, улуттар арасындагы мамилелерди жакшыртууда жана жакындатууда берген таасири жогору. Эл арасынан жыйналган элдик оюндарды казынаны кайра иштеп чыгып элдин кеңири катмарына сунуш кылууда негизинен төмөндөгүдөй түрлөргө бөлсө болот:

**Улуттук оюндар.**

| | |
|---|---|
| Ат секиртмей, Эр сайыш | Баш кийимди уруп түшүрмөй |
| Багалак, Эр эңиш | Ачакей жумакей, Ат чабыш |
| Орто топ, Тогуз коргоол | Бут тепсемей |
| Алты бакан | Дарткам |
| Урмай уруу | Жаа тартмай |

| | |
|---|---|
| Сөөк сындырмай | Жаңгак атмай |
| Ит тартыш | Жамбы атыш |
| Чатышмай | Жарма данек |
| Төө жана жамбаштаган кыргыз (төө сатуу, төө чечмей) | Камбартеп – кыргыздардын эр өнөрү |
| Келин жарыш оюну | Жорго салыш |
| Чүкө бекитүү | Каз өрдөк |
| Так орун | Токол эчки |
| Кыз куумай | Качма топ |
| Ак чөлмөк | Созмо атуу |
| Жоолук таштамай | Көк бөрү |
| Ак терек, көк терек | Кулатуу |
| Аркан тартыш | Кур оюн |
| Беш таш, топ таш (Беш таш) | Күзгүбү, таракпы? |
| Жашынмак | Таяк менен тегеректен чүкөлөрдү уруп чыгаруу |
| Топуракты таш менен уруп чаңытуу | Кыйык атуу |
| Таламай | Найза ыргытмай |
| Шакек салмай | Селкинчек |
| Тогуз коргоол | Ташты бийиктикке ыргытуу |
| Ат чабыш | Таякты алыстыкка ыргыт |
| Оодарыш | Укуруk салмай |
| Улак тартыш | Чикилдек |
| Акыйнек айтышуу | Элечек чечмей |
| Ат – адамдын канаты | Чүкө чертмей |
| Ыргытылган кесекти бут менен тебүү | Тебетейди бийиктикке ыргытып кол чабуу |
| Ат үстүндө куржун эңмей | |

Бул бөлүштүрүү албетте, кандайдыр даражада шарттуу да болуп эсептелет [2, 45]. Анткени, бул элдик кыймылдуу оюндар адам коомунун формациялары өзгөргөн сайын өзгөрүп, түрлөнүп, өнүгүп-өсүп бара берүүчү кыймыл деп атаса болот. Изилдөөчү Эрваид Владимирович Севортян өзүнүн эмгегинде оюн сөзүнүн этимологиясында төмөнкүчө мааниге ээ экендигин көрсөтүп, аларга орун берген:

1. Оюн-таймаш, көңүл ачуу, тамаша, эрмек, эркелетүү, көңүл ачуу, кече, музыкалык аспапта ойноо, ырдоо, музыкалык оюн, кумар оюну, кайсы бир оюнда кызыл байрак, баарлашуу, машыгуу.
2. Бий, сахналаштыруу, театрлаштырылган оюн-зоок, шайыр мүнөздөгү оюндар.

Демек, инсан табиятында дээрлик жашоосун түздөн-түз, же кыйыр түрдө жандап жүргөн оюндун ролу чоң. Ал - ийкемдүүлүк, кеңири ой жүгүртө билүүчүлүк, байкагычтык, баамчылдык, чечкиндүүлүк, туруктуулук, шамдагайлык, токтоолук, эрктүүлүк, тыкандуулук, тез тыянак чыгара билүүчүлүк, жумшактык, эптүүлүк ошондой эле чыгармачылык табылганы пайда кылуучу чон эмгекти, кара күчтү, тапкычтыкты талап кылуучу касиетке ээ болуп, мазмуну максатка ылайык оюнчунун ойло тапкычтыгына жараша түрдүү формаларга келтирилип колдонулат.

Оюндун келип чыгышы, анын социалдык жаралышы жана баланын өсүп-өнүгүүсүндөгү мааниси боюнча дүйнөлүк илимде чоң окумуштуулардын эмгеги өзгөчө орун ээлейт. Л. С. Выготский, А.И.Леонтьев, Д.Б.Эльконин сыяктуу изилдөөчүлөр оюнду баланын өнүгүшүндөгү эң негизги ишмердүүлүк катары баалашкан. Алардын изилдөөлөрүндө оюн баланын айлана-чөйрөгө болгон мамилесин аныктаган, анын эркин, сезимин жана жалпы инсандык сапаттарын калыптандырган негизги каражат экени көрсөтүлгөн. Бала ойноо

аркылуу дүйнөнү таанып-билип, коомдук тажрыйбаны өздөштүрүп, келечекте чоң жашоого даярданат.

Оюндун келип чыгышын орус философу Г. В. Плеханов эмгек менен байланыштырып түшүндүргөн. Анын пикиринде, оюн эмгектин өзгөчө бир түрү катары жаралып, адамды эмгекчил болууга үйрөткөн. Байыркы заманда адам баласы муктаждыктарын канаттандыруу үчүн балык уулоо, мергенчилик кылуу, өсүмдүктөрдү терүү менен алектенип, ошол эле учурда өз жерин жана уруусун коргоо үчүн күрөш жүргүзгөн. Бул иш-аракеттер кубанычтуу сезимдер менен коштолуп, бара-бара салтанаттуу оюндарга, бийлерге, ырларга, драмалык көрүнүштөргө жана көркөм сүрөт өнөрүнө айланган. Ошентип, эмгек менен оюн бирин-бири толуктап, адамзат маданиятынын түпкү негизи болуп келген.

Алгачкы коомдордо адамдар аңчылык, жер иштетүү сыяктуу иш-аракеттерди оюн түрүндө кайра жараткан. Бул оюндар бир жагынан жаш муунду турмуштук шартка даярдаса, экинчи жагынан коомдук байланышты чыңдап, биримдикти бекемдеген. Коом өнүгүп-өзгөргөн сайын оюндардын формасы да өзгөрүп, театрлаштырылган көркөм драмалык искусствонун элементтери пайда болгон. Мындан ары оюндардын мазмуну дагы байып, эрежелүү оюндар, ар кыл техникалык оюндар жаралып, муундан-муунга өтүп отуруп бүгүнкү күнгө чейин жашап келген. Демек, оюн – бул жөн гана көңүл ачуу эмес, адамзаттын социалдык жана маданий өнүгүүсүнүн өзөгүн түзгөн феномен.

Оюн коомдо маданияттын ажырагыс бөлүгү катары каралып, ал аркылуу баланын таанып-билүүсү, акыл ишмердүүлүгү жана руханий дүйнөсү өнүгөт. Заманбап педагогикалык теорияда оюн өзгөчө мектеп жашына чейинки баланын жетектөөчү ишмердүүлүгү катары белгиленип, бул куракта оюн аркылуу бала дүйнөнү таанып, коомдук тажрыйбаны өздөштүрүп, инсандык сапаттарын калыптандырат. А.С. Макаренконун айтуусу боюнча, “жакшы оюн жакшы ишке окшош”, анткени анда жоопкерчилик, чыгармачылык, максатка жетүү, маданий ишмердүүлүктөрдүн баары камтылат. Ошондуктан ар бир оюн эрежеге баш ийүүнү, тартипти сактоону, өзүн-өзү көзөмөлдөөнү жана анализдөөнү үйрөтөт.

Психология илиминде оюн баланын айлана-чөйрөдөгү адамдардын аракетин жана алардын өз ара мамилесин чагылдыруучу активдүү ишмердүүлүк катары түшүндүрүлөт. Оюн учурунда бала өзүнүн ички сезимин билдирип, мамилелер системасын калыптандырат, өз ара макулдашууга жана бири-бирин түшүнүүгө үйрөнөт. Бул процессте анын эрки, мүнөзү жана ар кандай аракетти өздөштүрүү жөндөмү өнүгөт. Ар түрдүү оюн заттар менен аракеттенип жатканда бала көнүгүү жасап, натыйжада белгилүү инсандык сапаттар калытанат. Д.Б.Эльконин өзүнүн “Психологиянын сыры” деген эмгегинде 1–3 жаш курактагы баланын оюн аракетин заттар менен байланыштырса, мектеп жашына чейинки баланын оюн ишмердүүлүгүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн кеңири белгилеген. Анын пикиринде бул мезгилде оюн баланын дүйнө таанымын калыптандыруучу, акыл-эс жана социалдык өнүгүүсүн шарттоочу негизги ишмердүүлүк болуп эсептелет.

Элдик педагогикада да оюн тарбиянын эң маанилүү каражаты катары бааланып, айрыкча баланын ден соолугуна жана дене жактан өсүп-өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурулган. Оюндар аркылуу баланын чыдамкайлыгы, шамдагайлыгы, эптүүлүгү калыптанат. Элдик түшүнүк боюнча оюн жөн гана көңүл ачуу эмес, баланын дене жактан чыңдалышы жана ыйман тарбиясынын жолу катары бааланган. Оюн аркылуу баланын сө-з байлыгы өөрчүп, жаңылмачтарды айтуу жөндөмү өнүгүп, ырларды айтууга жана чыгармачылыкка тартылган. Улуттук оюндарда дене тарбия менен кошо моралдык-адептик тарбия берүү чоң мааниге ээ болуп, коомдук жашоонун ажырагыс бөлүгүнө айланган.

Оюн- адамзаттын жашоосун баштан-аяк коштоп келген балалык чактагы негизги ишмердүүлүк катары бааланат. Ошондуктан педагогдор, психологдор, философтор, биологдор жана этнографтар өздөрүнүн илимий иштеринде оюн ишмердүүлүгүн изилдеп келишет. Алардын пикирлеринде бир нерсе так белгилүү: оюнду адамзаттын жашоосунан бөлүп кароого мүмкүн эмес.

Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн улуулар атайы түзгөн, же сюжеттик - ролдук бир муундан экинчи муунга калтырылган оюндар пайда болгон. Оюн аркылуу балдар

улуулардын жардамы менен байкабастан керектуу билимге, көнүгүүлөргө ээ болот. Кийинки учурларда балдардын турмушунда интеллектуалдык жана спорт оюндары маанилуу орунду ээлеп келүүдө.

Оюндар кенже курактан баштап балдарды элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө,эмгекчилдикке,акыл-эстүүлүккө,баатырдыкка,чечкиндүүлүккө, эрктүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын кылымдан бери адатка айланган талабы болгон. Оюн аркылуу балдарды тарбиялоодо ата-эне, же болбосо коомчулук тарабынан балдарга эч качан тыюу салбоо керек. Себеби оюндар балада жекече гана ойнолбостон балдар коллективинде да ойношот. Балдар коллективинде ойнолгон оюндар алардын өсүп- өнүгүүсүнө көп таасир берет. Себеби балдар ар тараптуу болушат жана кандай гана оюн болбосун өздөрүнүн ой пикирлерин эркин айтышып, оюнду тосколдуксуз ойношот.Балдардын оюн ойноосуна тыюу салбай, тескерисинче аларга шарт түзүп берүү керек.

Ар бир баланын инсан болуп калыптанышында эң оболу анын чөйрөсү чоң рол ойнойт. Бала кандай чөйрөдө тарбияланса, кийин ошол чөйрөдөгү адамдардын катарын толуктап калуусу абдан ыктымал. Ошондуктан баланы ар тараптуу өнүктүрүүдө оюндардын мааниси зор. Оюн баланын жашоосунун табигый муктаждыгы гана эмес, анын турмуштук көз карашын байытуучу, тажрыйбасын кеңейтүүчү эң негизги ишмердүүлүгү болуп эсептелет. Баланы оюн аркылуу тарбиялоодогу алгачкы маселе – алардын курагына жараша оюндарды акырындык менен үйрөтүү жана ошол аркылуу дүйнөгө болгон түшүнүгүн кеңейтүү болуп саналат.

Мектепке чейинки куракта оюн тарбиянын эң натыйжалуу куралы катары колдонулат. Бул мезгилде оюн ар түрдүү багытта уюштурулуп, баланын дене-тарбиялык, акыл-эс, адептик жана чыгармачылык жактан өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Оюнда бала айлана-чөйрөнү таанып-билип, эмгекке тарбияланат, улууларды туурап алардын аракеттерин кайра жаратат. Бул бала үчүн жөн гана көңүл ачуунун каражаты эмес, турмуштук тажрыйбаны өздөштүрүүнүн мектеби болуп калат. Ал оюндан алган таасирлерин турмушунда, күнүмдүк иштеринде жана эмгектенүү процессинде колдонууга жөндөмдүү болуп калат.

Балдарды тарбиялоодо колдонулуучу оюндардын түрлөрү арбын. Улуттук оюндар аркылуу баланын денеси чыңдалып, мекенчилдик сезими жана улуттук маданиятка болгон кызыгуусу артат. Дидактикалык оюндар баланын акыл-эсин өрчүтүп, билимди өздөштүрүүсүнө көмөктөшөт. Театрлаштырылган оюндар чыгармачылыкка, фантазияга, сахналык жүрүм-турумга үйрөтсө, сюжеттик-ролдук оюндар аркылуу бала ар кандай коомдук ролдорду өздөштүрүп, адамдардын мамилесин түшүнө баштайт. Ошондой эле режиссёрдук оюндар баланын уюштуруучулук жөндөмүн, элестетүүсүн жана чыгармачылык көз карашын калыптандырат.

Демек, оюн – баланын инсан катары жетилишин камсыз кылуучу, турмуштук көз карашын кеңейтүүчү жана коомдук жашоого даярдоочу эң маанилүү каражат. Ар бир ата-эне менен тарбиячы бул мүмкүнчүлүктү туура колдонуп, баланын өнүгүүсүнө керектүү шарт түзүп бериши зарыл.

1.Улуттук оюндар: ар бир эл озунун салты, үрп - адаты менен гана эмес өздөрүнө тиешелүү болгон улуттук оюндары менен да айырмаланат. Ал эми улуттук оюндарга төмөнкүлөр кирет: ордо, тогуз коргоол, оромпой тебүү, дүмпүлдөк, ак- чөлмөк, селкинчек, чикилдек жана башка ат оюндарынын түрлөрү кирет. Баарынан мурда баланы бардык жактан жеткилен тарбиялоодо, коόздукка, сулуулукка умтулууда бирден - бир курал бул кыймылдуу оюндар, ыр күүлөр, санат-санжыралар, жанылмачтар, табышмактар болгонун эч ким тана албайт.Улуттук оюндардын ичинен балдар бакчасындагы балдарга көпчүлүк учурда: ак-терек, көк- терек, жашынмак, селкинчек, шакек салмай жана башка ушул сыяктуу балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташылган оюндарды тандап ойнотуу керек.

2. Дидактикалык оюндар – бул мектеп жашына чейин жана мектептин кенже окуучуларына таалим-тарбия берүүгө багытталган ийкемдүү оюндар. Бул оюндар балдардын сенсордук сезимдүүлүгүн, байкагычтыгын, көңүл буруусун, аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн, сүйлөө, айлана – чөйрөгө болгон элестетүүсүн өстүрөт. Бул оюндардын адеп-ахлактык жактан тарбиялоодогу мааниси да зор, анткени алар балдарга чыдамкайлыктын, өз алдынча иш алып баруу

ишмердүүлүгүн, жамааттык сезиминин өсүүсүнө таасир берүү менен, өзүлөрүн жүрүш-түруш нормаларына ылайык алып жүрүү адаттарын калыптандырат.

Дидактикалык оюндарда атайын жасалган оюнчуктар, буюмдар колдонулат. Мындан тышкары сөз менен ойнолгон оюндар да болот. Ошондой эле дидактика өзгөчө бала бакчада окутуунун эң бир маанилүү каражаты болуп эсептелет. Алар балдардын ар кандай курактагы топторуна карата түзүлгөн программа менен өтүлөт. Дидактикалык оюнда баланын таанып билүү мүмкүнчүлүү активдешет, акыл-эсинин өнүгүүсүнүн шарты мектеп жашына чейинки балада оюндун пайда болуп өнүгүүсүн Д.Б.Эльконин изилдеген. П.П.Блонский эрте жаш курактагы баланын заттар менен активдешүүсүн оюндун пайда болуш шарты катары мүнөздөйт.

3. Театрлаштырылган оюндар адабий чыгармачылыктын негизинде атайын даяр сюжеттерди ролдордоштуруп ойнолот. Ойнолуп жаткан театрлаштырылган оюн балдардын чыгармачылыгын байытат. Театрлаштырылган оюндун түрлөрү: оюнчуктардын жардамы менен, куурчактар менен плакаттардын жардамы менен көлөкө театр жана башка.

4. Сюжеттик - ролдук оюндар

Ар бир бала чоң адамдардан кандай гана кыймыл-аракет көрсө ошол кыймылдарды аткарат. Сюжеттик-ролдук оюнда балдарда өз алдынчалуулук пайда болот деп айтсак болот. Себеби сюжеттик - ролдук оюндун негизги белгиси балдардын өз алдынчалуулугу жанданып, кыймыл - аракеттери, аткаруучулук жөндөмдөрү көбөйөт.

Сюжеттик - ролдук оюнда инсандык мамиле калыптанат. Себеби балдар бул оюн аркылуу бири - бири менен мамиле курушат, баарлашуу пайда болот. Мына ушул себептерден улам дагы сюжеттик - ролдук оюндарда инсандык мамиле калыптанат деп бекеринен айтылбаган [4,б-17].

5. Режиссердук оюндар

Ар бир бала бул оюнду ойногон учурда аларда чыгармачылыктын ар кандай түрлөрү калыптанат. Режиссердук оюндар персонаждын образын түзүү үчүн көркөм сүйлөө каражатын дагы колдонот.

Сабак учурунда оюндарды жана оюн көнүгүүлөрдү колдонуу окуу процессин көңүлдүү, кызыктуу кылып, балдарда сергек, жумушчу маанайды түзүп, окуу материалдарын окуп, түшүнүүдө жеңилдиктерди жана оң эмоцияны алып келет. Ошол эле учурда оюн пайдалуу акыл насааттарды айтууда да каражат боло алат. [9].

Жыйынтыктап айтканда, мектепке чейинки курактагы балдарды инсан кылып тарбиялоодо оюн ишмердүүлүгү чоң мааниге ээ. Биз башта айтып кеткендей оюн баланын турмушунда чоң роль ойноп, аны эмгекке тарбиялайт. Бала оюн аркылуу көп нерсени билип, түшүнө алат. Кыргыз эли өз жашоо тарыхында татаал жолдорду басып өсүп, эли жерин, малын, ал тургай коңшулаш жашаган тектеш тилдүү калктарды да сандаган жоодон, табийгаттын катаал кырсыктарынан коргоп келген. Ат жалында эркин ойноп, көчүп конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша сандаган кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ал оюндар азыр биз жашап жаткан күндөргө да жетип, кай бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө дуушарланган. Негизинен ал оюндарда элдин ой тилеги, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, эркиндик теңдикке умтулуусу, адилеттик, акыйкаттык үчүн болгон күрөшү камтылган. Ал оюндардан элдин педагогиканын мыкты үлгүлөрү, элдик терең философиялык көз караштар, улуттук өзгөчөлүк көрүнүп турган. Оюн иш аракети балдар, чоң адамдар үчүн да баа жеткис ишмердүүлүк экендигин дагы бир жолу баса белгилеп кетебиз.

**Адабияттар:**

1. Алимбеков А.Кыргыз этнопедагогикасы.-Б.,1996
2. Анаркулов Х.Н.Кыргыз эл оюндары.Б,1991-ж.
3. Боркошев М.М, Кудайкулов К.П. Приобщение дошкольников к здоровому образу жизни через кыргызские народные подвижные игры. Ош.2013г.
4. Анаркулов Р.П. Карнаухова Н. Характеристика творческих игр как основного вида игр детей дошкольного возраста. 2020-ж.

5. Токторбаев С. Өспүрүмдөр оюндары. Бишкек. 1991ж.
6. Савенкова.А.И.Теоретические и методические основы организации игровой деятельности детей раннего и дошкольного возраста.М-2020 г.
7. Саипбаев С.М. Кыргыз оюндарынын педагогикалык мааниси Ф. 1976ж.
8. Ежкова Н.С. Дошкольная педагогика. Москва. Юрайт.2020г.
9. Какиева, Г. Балдар бакчасындагы балдарга оюн ишмердүүлүгү аркылуу таалим жана тарбия берүүнүн мааниси / Г. Какиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2020. – No. 4. – P. 212-216. – EDN PDJUBR.
10. Все для детей https://allforchildren.ru

# ФОРМИРОВАНИЕ ФУНКЦИОНАЛЬНОЙ ГРАМОТНОСТИ ОБУЧАЮЩИХСЯ 7-8 КЛАССОВ ПОСРЕДСТВОМ РЕШЕНИЯ КОНТЕКСТНЫХ ЗАДАЧ ПО ФИЗИКЕ

**Касимова Гульмира Саясатовна,**
Средняя общеобразовательная школа имени Рафики Нұртазиной
учитель физики,
г. Павлодар, Республика Казахстан,
электронная почта: kasimova-68@bk.ru

# FORMATION OF FUNCTIONAL LITERACY OF STUDENTS IN GRADES 7-8 THROUGH SOLVING CONTEXTUAL PROBLEMS IN PHYSICS

**Kasimova Gulmira Sayasatovna,**
Secondary school named after Rafika Nurtazina
physics teacher,
c.Pavlodar, Republic of Kazakhstan,
email address: kasimova-68@bk.ru

**Аннотация**

Развитие функциональной грамотности способствует обучающимся эффективно действовать и принимать оптимальное решение в условиях неопределенности и нестандартной ситуации, который необходимым для жизнедеятельности личности в конкретной культурной среде, решать реальные жизненные задачи в системе социальных отношений, умение посмотреть на вещи или явления с разных точек зрения. В условиях контекстных задач содержатся конкретные жизненные ситуации реального мира, для разрешения требуется установление и использование широкого спектра знаний не только из разных предметных дисциплин, но из повседневного опыта обучающихся. Цель исследования является изучение процесса формирования функциональной грамотности у обучающихся в процессе решения контекстных задач. Основные результаты исследования: самостоятельно описывать, объяснять, обосновывать свое мнение, рассуждать, применять умения, навыки, делать выводы и грамотно решать бытовые проблемы. Решение контекстных задач открывают широкие возможности для развития творческого потенциала обучающихся, благоприятствуют формированию навыков решения реальных практических проблем, входящих за рамки учебного предмета. Использование контекстных задач на уроках физики способствует повышению мотивации к обучению, развитию профессиональной ориентации обучающихся по техническим специальностям.

**Ключевые слова**: контекстные задачи, функциональная грамотность, межпредметная интеграция, мотивация обучения, творческий потенциал.

**Abstract**